**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин педагогикалык кеңешмесинин №1 протоколу**

28.08.2020-жыл

Баары-35
Катышты- 31

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1.2020-2021-окуу жылына карата Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген окуу планынын негизинде мектептик компонентти тандоо.

( Ч.Т.Джанышбаева)

**Угулду:** Күн тартибиндеги маселе боюнча мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Ч.Т.Джанышбаева билдирүү жасады:

Урматтуу мугалимдер, биз быйыл 2020-2021-окуу жылында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-июнундагы №475/1 буйругу менен бекитилген жалпы билим берүүчү уюмдарынын Базистик окуу планынын негизинде иштейбиз.Базистик окуу планы боюнча мектептик компонентти тандашыбыз керек.Базистик окуу планында 5,8-класстарга жумасына 1 сааттан берилген.Мектептик компонентти тандоодо ата-энелердин пикирин дагы эске алсак.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**Молдобекова Чынаркул Омуралиевна – мектеп директору:**

Ата-энелердин жана педагогикалык коллективдин сунушу менен былтыркы окуу жылында мектептик компонентти математика предметине бергенбиз.Быйыл дагы ата-энелердин талабы менен математика предметине берсек деген ойдомун.

**Эргешова Айнура Ызабаевна- математика мугалими:**

Мен бул ойду толук колдойт элем.Математика предмети-татаал предмет.Тереңдетип окутууга жакшы болот эле.

**Күн тартибиндеги каралуучу маселе боюнча педагогикалык кеңешме төмөнкүдөй чечим кабыл алды:**

1.2020-2021-окуу жылында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-июнундагы №471/1буйругу менен бекитилген жалпы билим берүү уюмдарынын Базистик окуу планынын негизинде 5 жана 8-класстарга мектептик компонент катары математика предмети окутулсун.

2.Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысы Ч.Т.Джанышбаевага милдеттендирилсин.

Пед.кеңештин төрайымы: Молдобекова Ч.О.

Катчы: Токонова Г.И.

**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин педагогикалык кеңешмесинин №1 протоколу**

25.08.2021-жыл

Баары-31
Катышты- 27

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1.2021-2022-окуу жылына карата Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен окуу планынын негизинде мектептик компонентти тандоо.

( Ч.Т.Джанышбаева)

**Угулду:** Күн тартибиндеги маселе боюнча мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы Ч.Т.Джанышбаева билдирүү жасады:

Урматтуу кесиптештер,өзүңөргө белгилүү болгондой биз окуу жылынын башталышында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен окуу план менен иштейбиз.Быйылкы 2021-2022-окуу жылында дагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 20-августундагы №1460/1 буйругу менен бекитилген жалпы билим берүү уюмдарынын Базистик окуу планынын негизинде иштейбиз.Биздин мектеп мектептик компонент берилгенден баштап,математика предметине берип келебиз.Ал эми быйылкы окуу жылында 5-класстардыкын математика предметине,8-класстардыкын кыргыз тили предметине берсек деген ойдомун.Ушул маселе боюнча оюңуздарды айтсаңыздар.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**Калдинова Нурила Советбековна - кыргыз тили жана адабияты мугалими:**

Ооба, быйылкы окуу жылында мектептик компонентти кыргыз тили предмети боюнча 8-класстарга берсек жакшы болот эле.Өзүңүздөргө белгилүү болгондой бүтүрүүчүлөр Жалпы республикалык тестирлөөгө катышканда кыргыз тили предмети боюнча негизги тест тапшырышат.Окуучуларды ЖРТга даярдап барат элек.

**Абдуллаева Инобат- математика мугалими:**

8-класстын мектептик компоненти кыргыз тили предметине берилишин колдойм.Ал эми 5-класстардын мектептик компонентин математика предметине берсек жакшы болмок,себеби 5-класстарда математика боюнча татаал темалар көп.Темаларды тереңирээк түшүндүрөт элек.

**Молдобекова Чынаркул Омуралиевна – мектеп директору:**

Ата-энелерден сурамжылоо жүргүзгөнүбүздө дагы алар кыргыз тили жана математика предметине берилишине макул экендиктерин билдиришкен.

**Күн тартибиндеги каралуучу маселе боюнча педагогикалык кеңешме төмөнкүдөй чечим кабыл алды:**

1.2021-2022-окуу жылында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен окуу планынын негизинде мектептик компонент катары 5-класстарга мектептик компонент катары математика предмети,8-класстарга мектептик компонент катары кыргыз тили предмети окутулсун.

2.Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысы Ч.Т.Джанышбаевага милдеттендирилсин.

Пед.кеңештин төрайымы: Молдобекова Ч.О.
Катчы: Сүйналы к. Бурул

**№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин педагогикалык кеңешмесинин №13 протоколу**

29.08.2022-жыл

Баары-33
Катышты- 32

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1.2022-2023-окуу жылына карата Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен окуу планынын негизинде мектептик компонентти тандоо.
( Ч.Т.Джанышбаева)

**Угулду:** Күн тартибиндеги маселе боюнча мектептин директору Ч.Т.Джанышбаева билдирүү жасады:

Урматтуу кесиптештер,өзүңөргө белгилүү болгондой ар бир окуу жылында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен окуу план менен иштейбиз.Быйылкы 2022-2023-окуу жылында дагы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 5-августундагы №1529/1 буйругуна ылайык Базистик окуу планынын негизинде 1-тиркемесине ылайык иштейбиз.Мурдагы жылдары 5 жана 8-класстарга гана мектептик компонент каралса,быйылкы окуу жылында 10-класстарга дагы мектептик компонент каралган.Ушул мектептик компонентти тандоо боюнча оюңуздарды айтсаңыздар.Быйылкы окуу жылына чейин биз мектептик компонентти математика предметине берип келгенбиз.Ал эми былтыркы окуу жылында 5-класстарга математика, ал эми 8-класстарга кыргыз тил предмети компонент катары берилген.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**Калдинова Нурила Советбековна - кыргыз тили жана адабияты мугалими:**

Быйылкы окуу жылында мектептик компонентти кыргыз тили предметине берсек жакшы болот эле.Жалпы республикалык тестирлөөгө дагы даярдайт элек.

**Молдобекова Чынаркул Омуралиевна - кыргыз тили жана адабияты мугалими:**
Мен дагы жогорку кесиптешимдин оюна кошулам.Мектептик компонентти кыргыз тил предметине берели.

**Эргешова Айнура Ызабаевна- математика мугалими:**

Быйылкы окуу жылына чейин мектептик компонент математика предметине берилип келген эле.Мен быйыл кыргыз тил предметине берилишине каршы эмесмин.

**Алибаева Айша Сармановна- социалдык педагог:**

Ата-энелерден сурамжылоо жүргүзгөнүбүздө дагы алар мектептик компонентти кыргыз тили жана математика предметине берилишине макул экендиктерин билдиришкен.

**Күн тартибиндеги каралуучу маселе боюнча педагогикалык кеңешме төмөнкүдөй чечим кабыл алды:**

1.2022-2023-окуу жылында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен окуу планынын негизинде мектептик компонент катары 5,8,10-класстарга кыргыз тили предмети окутулсун.

2.Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысы Г.М.Нарымбетовага милдеттендирилсин.

Пед.кеңештин төрайымы: Джанышбаева Ч.Т.
Катчы: Сүйналы к. Бурул